КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
БАТКЕН РАЙОНУ
АК-ТАТЫР АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАТКЕНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
АК-ТАТЫРСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 31-январы № 6** **Ак-Татыр айылы**

**Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн 2024-жылга түзүлгөн иш планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн 2024-жылга түзүлгөн иш планын, Ак-Татыр айылдык кеңешинин жергиликтүү өз алдынча башкаруу өнүктүрүү, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясы 2024-жылдын 29-январындагы отурумунун №1 протоколун угуп жана талкуулап чыгып Ак-Татыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин VI чакырылышынын кезектеги VIII сессиясы **Токтом кылат**

1. Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн 2024-жылга карата түзүлгөн иш планы бекитилсин. (Тиркемеси тиркелет)

2. Ушул токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысы К.Нурмаматовго жүктөлсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, Ак-Татыр айылдык кеңешинин жергиликтүү өз алдынча башкаруу өнүктүрүү, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жана комиссия төрагасы Дастанбек Эркиновго жүктөлсүн.

*Тиркеме: 4 баракта.*

**Төрага:** **Ысаков.С.Б**

**БЕКИТЕМ**
**Ак-Татыр айыл аймагынын**
**айылдык Кеңешинин төрагасы**
**Ысаков.С.Б ____________**
**2024-жылдын 31-январы № 6**

## Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн 2024-жылга түзүлгөн иш планы.

| № | Каралуучу маселенин мазмуну | Кайсы айда каралат | Маселени кароого кимдер жооптуу |
|---|---|---|---|
| | **1. Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн заседание кеңешмесине сунуш кылынуучу маселе** | | |
| 1.1 | Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн аппаратында иштеген кызматкерлерге өз ара милдеттерди бөлүштүрүү. | Январь | Абдинабиев Н. |
| 1.2 | Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн 2023-жылдагы социалдык – экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыгы жана 2024-жылга негизги милдеттери жөнүндө | Январь | Жооптуу катчы, адистер |
| 1.3 | Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн 2024-2026-жылдар үчүн түзүлгөн өнүгүү программасынын 2024-жылга каралган иш чаралардын аткарылышы жөнүндө | февраль | Абдинабиев Н. Сапарова Б. Мирадилов М. |
| 1.4 | Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн аймагындагы айылдарында көрктөндүрүү жана тазалыкты сактоонун абалы жөнүндө | февраль | Акматов Р, Турдуев Б, Айыл башчылар |
| 1.5 | 2024-жылдын жазгы талаачылык жумуштарына даярдыктарды көрүүдө жүргүзүлүп жаткан иштердин абалы жөнүндө. | Март | Турдуев Б, айыл башчылар |
| 1.6 | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы "Жер мунапысын жургузуунун тартиби жонундогуЖобоу бекитуу тууралуу"№291- токтомуна озготуулорду киргизуу жонундо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-мартындагы №174 тотомунун аткарылышынын абалы жонундо. | Март | Турдуев Б |
| 1.7 | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы №412 Жарлыгы менен бекитилген 2021-2026 -жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чойродогу мамлекеттик саясатын жургузулушун абалы. | апрель | Акматов Р |
| 1.8 | 2024-жылдын түшүмү үчүн кылкандуу дан эгиндерин оруп жыйноо иштерин уюшкандыкта өткөрүү боюнча жүргүзүлүп жаткан иштердин абалы жөнүндө | май | Турдуев Б. Айыл башчылар |
| 1.9 | Ак-Татыр айыл өкмөтүндөгү бодо малдарды жана ача туяктуу малдардын, ит мышыктардын, үй канатууларынын жугуштуу ооруулардын алдын алуу боюнча | май | Акматов И. |
| 1.10 | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2007-жылдын 22-февралындагы №71 Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 4-майындагы "Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө" №67 Мыйзамын турмушка ашырууда аткарып жаткан иштери жөнүндө | июнь | Абдинабиев Н Жооптуу кызматкерлер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.11 | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 21-декабрындагы "Тоолуу региондорду онуктуруу боюнча иш аракеттердин беш жылдыгын ишке ашыруу боюнча жообону бекитуу тууралуу" №353 Жарлыгы | Июнь | Бектемиров Э. Абдинабиев Н. |
| 1.12 | Айыл өкмөтүндөгү мектептерди кезектеги ремонттон өткөрүүдө жана 2024-2025-жылы жаңы окуу жылына даярдоодо мектептердин жүргүзүп жаткан иштери жөнүндө | Июнь | Акматов Р.Айыл башчылар,мектеп директорлору |
| 1.13 | Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын 1-жарым жылдыгынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыгы жана 2024-жылдын 2-жарым жылдыгына карата милдеттер жөнүндө | Июль | Абдинабиев Н, Сапарова Б. Турдуев Б. Акматов Р. Мирадилов М. |
| 1.14 | Айыл өкмөтүндөгө социалдык обьектилерди күз-кыш мезгилдерине даярдоодо жүргүзүп жаткан иштердин абалы жөнүндө | июль | Сапарова Б. Акматов Р. |
| 1.15 | КРнын Президентинин 2006-жылдын 26-мартындагы «Гендердик саясатты өнүктүрүү чаралар жөнүндөгү» жарлыгынын аткарылыш абалы жөнүндө | август | Акматов Р. |
| 1.16 | КРнын «Балдар жөнүндөгү» кодексинин аткарылышы жөнүндө | август | Акматов Р. |
| 1.17 | 2024-жылдын түшүмү үчүн күздүк дан эгиндерин себүүнү уюшкандыкта жүргүзүү ж/дө аткарылып жаткан иштер жөнүндө | Сентябрь | Турдуев Б Айыл башчылар |
| 1.18 | Айыл өкмөтүндөгү салык жыйымдарынын жана аренда акыларынын жыйналышынын абалы жөнүндө. | Сентябрь | .Джураев И, Жапаров Н. |
| 1.19 | Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн аймагында диний-экстремизм, фундаментализмдин жайылышына жол бербөө жана алдын алуу боюнча жүргүзүлгөн иштердин абалы жөнүндө | октябрь | Акматов Р. |
| 1.20 | Салык жыйымдарынын жыйналышынын абалы | Ноябрь | Салык кызматкерлери |
| 1.21 | Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн 2025жыл үчүн иш планын бекитүү жөнүндө | декабрь | Абдинабиев Н. |
| | **2. Уюштуруу практикалык иш чаралар** | | |
| 2.1 | Кыргыз Республикасынын Президентинин Указдарын, КР Өкмөтүнүн , областык мамлекеттик админстрациясынын, токтомдорунун, буйруктарынын аткарылышын камсыз кылуу жана көзөмөлдөө. | Дайыма | Абдинабиев Н. Айыл аймагынын жооптуу кызматкерлери |
| 2.2 | Айыл өкмөтүнүн ай сайын өткөрүлүүчү заседаниелеринде каралуучу маселелерди даярдоо | ай сайын | Абдинабиев Н. |
| 2.3 | Аппарат кызматкерлеринин айлык жана кварталдык иш пландарын түзүү, бекитүү жана аткарылышын көзөмөлдөө | квартал сайын | Абдинабиев Н. |
| 2.4 | Кадрлар резервин түзүү | Квартал сайын | Абдинабиев Н. |
| 2.5 | Республикалык, Областык, райондук газеталарга жазылууну жогорку деңгээлде уюштуруу | Жыл ичинде | Жолдошова Н. |
| 2.6 | Айыл өкмөтүндөгү диний мекемелер менен | Дайыма | Жолдошова Н. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | байланышта иштөөнү уюштуруу алардын ишмердигин көзөмөлгө алуу | | |
| 2.7 | Айыл өкмөтүнүн аймактык инспекторлорунун билим берүүчү мектептер менен бирдикте жаштардын арасында укук бузуучуларга каршы алдын алуу иштерин жүргүзүү | Квартал сайын | Акматов Р.<br>Айыл башчылар |
| 2.8 | Айыл өкмөтүнүн башчысынын жер жерлерде эл менен жолугушуусунун<br>графигин түзүү жана тиешелүү материалдарды даярдоо | Жыл ичинде | Абдинабиев Н. Жооптуу кызматкелер |
| 2.9 | Айыл өкмөтүндөгү кадрлардын квалификациясын жогорулатуу боюнча окууларга жана окуу семинарларга жөнөтүүнү уюштуруу | Квартал сайын өз учурунда | Абдинабиев Н. |
| | **3. Маданий массалык жана билим беруу тармагындагы иш чаралар** | | |
| 3.1 | Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн аймагындагы жаштар арасында спорттун түрлөрү боюнча мелдештерди өткөрүү | дайыма | Бетемиров Э. |
| 3.2 | Элдик кол өнөрчүлүктүн көргөзмө кароо- сынагын уюштуруу | февраль | Жооптуу кызматкерлер |
| 3.3 | «8-март аялдардын эл аралык күнүнө» карата салтанаттуу кечени уюштуруу жана өткөрүү | 8-март | Акматов Р.<br>Аыйл башчылары |
| 3.4 | 21-март «Нооруз - 2024» элдик майрамын өткөрүүгө даярдыктарды көрүү жана өткөрүү | 21-март | жооптуу кызматкерлер |
| 3.5 | Көрктөндүрүүнүн, жашылдандыруунун жана тазалыкты сактоонун 2 айлыгы боюнча иштерди аткаруу | март | Жооптуу кызматкерлери |
| 3.6 | У.А.Мекендик согуштун женишинин 79-жылдыгына карата согуштун майыптарына, катышуучуларына жана тылда эмгектенгендерге социалдык жактан жардам берүү | апрель | Акматов Р.<br>Айыл башчылары |
| 3.7 | 20-май энелер күнүн өткөрүү | май | Акматов Р. |
| 3.8 | Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн аймагындагы мектеп бүтүрүүчүлөрү менен кесип тандоо боюнча жолугушууларды өткөрүү | май | Жооптуу кызматкерлер |
| 3.9 | 1-июнь балдарды коргоо кунун уюшкандыкта өткөрүү | июнь | Жооптуу кызматкерлер |
| 3.10 | Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк майрамын белгилөө | август | Жооптуу кызматкерлер |
| 3.11 | 1-Октябрь улгайгандардын күнүн белгилөө | октябрь | Жооптуу кызматкерлер |
| 3.12 | Мугалимдердин кесиптик майрамын уюштуруп өткөрүү | октябрь | Жооптуу кызматкерлер |
| 3.13 | «Жылдын мыкты мугалими» кароо – сынагын өткөрүү | ноябрь | Жооптуу кызматкерлер |
| 3.14 | Окуучулардын предметтик олимпиадасын өткөруу | ноябрь | Жооптуу кызматкерлер |
| 3.15 | 10-ноябрь бүткүл дүйнөлүк жаштар күнүнө карата «Жаштар биздин келечегибиз» аттуу тегерек стол өткөрүү . | ноябрь | Жооптуу кызматкерлер |
| 3.16 | 3-декабрь майыптардын бүткүл дүйнөлүк күнүнө карата майыптарга көмөктөшүү, жардам берүү иштерин уюштуруу | декабрь | Жооптуу кызматкерлер<br>Айыл башчылары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **4. Социалдык маселелерге байланышкан иш чаралар** | | |
| 4.1 | Жеңилдик алуучуларды мыйзамда көрсөтүлгөн жеңилдиктердин жана компенсациялардын бардык түрлөрү менен өз убагында жана толук камсыздандырууга жетишүү | дайыма | Акматов Р. Айыл башчылары |
| 4.2 | Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн аймагындагы социалдык обьекттерди кезектеги ремонттон өткөрүү | дайыма | Жооптуу кызматкерлер |
| | **5.Эл чарбалыгына байланышкан иш чаралар** | | |
| 5.1 | Жазгы талаа жумуштарынын башталышына карата айыл чарба техникаларын ремонттоо, алардын даярдыктарын камсыздоо жана айдоо аянттардын даярдыктарына анализ жүргүзүү | февраль | Турдуев Б. Жооптуу кызматкерлер |
| 5.2 | Жазгы талаа жумуштары үчүн күйүүчү майлоочу каражаттар , Запастык бөлүктөр, урук, жер семирткичтер жана башка керектелүүчү каражаттардын эсебин тактоо жана аларды камсыз кылуу боюнча тиешелүү чараларды көрүү | Март айына чейин | Турдуев Б. Айыл башчылар |
| 5.3 | Айыл өкмөтүнүн аймагындагы ветеринардык кызмат көрсөтүү жана вет сервистердин иштерин көзөмөлдөп туру | 1-квартал | Акматов И. |
| 5.4 | Жеке ишерлерге көмөк көрсөтүү | дайыма | Жооптуу кызматкерлер |
| 5.5 | Жазгы талаа жумуштарына даярдык көрүү үчүн жана ички чарба каналдарын тазалоо жана ремонттоо иштерин жүргүзүү жана көзөмөлдөө | Март айына чейин | Турдуев Б.. Айыл башчылар |
| 5.6 | Жаздык дан эгиндерин себүү , аларды азыктандыруунун жүрүшүн көзөмөлдөө жана маалымат берип туру | 1-квартал | Турдуев Б. Айыл башчылар |
| 5.7 | Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн аймагындагы чакан жана орто ишканалардын эсебин тактоо менен бирге, ишмердигин анализдеп чыгууга жетишүү | дайыма | Салык кызматкерлери |
| 5.8 | Айыл өкмөтү менен мамлекеттик эмес уюмдардын ортосундагы байланыштарды чыңдоо боюнча иш алып бару | дайыма | Жооптуу кызматкерлер |
| 5.9 | Ак-Татыр айыл өкмөтүнө караштуу соц обьектилерди көмүр менен камсыз кылуу | дайыма | Сапарова Б |
| 5.10 | Калктын электр энергияга болгон карызын кыскартуу боюнча иш алып баруу | дайыма | Сапарова Б |
| 5.11 | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы «Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар» №54 Жарлыгы жөнүндө | дайыма | Айыл башчылар, Айтемиров.А, Үсөнов. А, Мазеитов. М |

**Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн жооптуу катчы:** **Абдинабиев Н.**